С/Кырг
А 13

АСКАРААЛЫ АБДЫЛДАЕВ



# МЕЗГИЛ ШАШПА, БИР АЗЫРААК САБЫР ЭТ

БИШКЕК - 2004

с/кырг/
А 13

АСКАРААЛЫ АБДЫЛДАЕВ

# 80 ЖАШ

* * *

# МЕЗГИЛ ШАШПА, БИР АЗЫРААК САБЫР ЭТ

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31164

БИШКЕК-2004

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 453

ББК 84 Ки 7-5
А-В

Абдылдаев А.
А-13 Мезгил шашпа, бир азыраак
сабыр эт.-Б.: 2004. 64 б.
ISBN 9967-9019-4-2

Бул китепче акындын алгачкы эмгеги. Китепчеде жашоо, дүйно, жаш-карыга бирдей махабат ырдалат. Эмгек окурмандардын калың катмарына сунушталат.

А 4702300200-04 ББК 84 Ки 7-5

ISBN 9967-9019-4-2

с Абдылдаев
А.,2004

## Р е д а к ц и я д

*Жашоо-кумар: сексеңдеген секелек мезгил кайда, жагалмайдай кайкып учкан жаштык кайда, кызга жагар соз таба албай, махабатка мас болгон жигитчилик мезгил кайда? Кайда, кайда, кайдалап, жан дүйнонү саймалап, 80 жаштагы карыя ырын жазат, соз берметин тизет, жүрогүнон, акылынан жагалданган жакшы ойлор, изги ниет создор чыгат.*

*Аскараалы Абдылдаев алдыңарга Ак боз ат сындуу алгачкы китепчесин тартты, сыйлап алар, а мүмкүн, сындап салар соз эми окурманда, каалап алар, а балким, кагып салар тараза калайык журтта.*

*Редакция жылуу оюн билдирип, ак тилегин айтып, акынга, ал жараткан жан дүйно Перзентине Ак жол каалайт.*

*Ырды сүйүп, ырды бакпай, кастарлап,*
*Өтүп кетти, кирген суудай курагым.*
*Улгайганда улутунуп олтурам,*
*Келүүчүдөй ырды сүйгөн убагым.*

# ЫРДЫН ДАГЫ ТИЗЕ БИЛГИН САПТАРЫН

Айдап, сээп, оруп, жыйнап, бастырып,
Ажыратып алган сындуу бакалын.
Кызыл дандай кырман толгон үйүлүп,
Ырдын дагы тизе билгин саптарын.

Жакшы ыр жазсаң, жанды кыйнап олтуруп,
Жаңы-жаңы барактарды толтуруп.
Жалпы эл окуп, жабыла окуп, жаш-кары,
"Жазса экен"деп, сурагандай кол сунуп.

Жазган ырың жаман чыкса,жүүнү бош,
Жаш-кары окуп, таштап койсо, көңүл кош.
"Чалды-куйду бул ырды ким жазды?" деп,
Басып кетсе, окуп чыккан акын дос.

Анда ыр жазбай, акын болбой жашагын,
Аңдап, иргеп, тере албасаң, машагын.
Сенден озуп, сенден жакшы жаза алса,
Ошого бер, акындыктын катарын.

Ыр саптары ойдон бүткөн балаң да,
Ыр жаратуу оңой эмес чамамда.
Жакшы бала даңктагандай атасын,
Жакшы ырың да, алып чыгат ааламга.

Сылап-сыйпап жазган ырдын саптарын,
Сенин парзың, чоң сапарга аткарууң.
Эл сынынан эсен-аман өткөрсөң,
Экчеп, өлчөп, ары жагын, бер жагын.

Жакшы уулду "жаман"десин, ким эле,
Жакшы ыр жазсаң, ким алмакчы, жемеге?
Жаза албасаң, көңүл кушун көтөрүп,
Жан кыйнабай, жүргөн жакшы жөн эле.

Айлың жектеп, айтышса эгер, "жаман"деп,
Ат мингизип, аралатпа, балаңды.
Жазган ырың жалпы журтка жакпаса,
"Акынмын" деп, карматпагын каламды.

# МЕЗГИЛ ШАШПА, БИР АЗЫРААК САБЫР ЭТ

Мезгил шашпа, бир азыраак сабыр эт,
Мен шашайын, бүтүрө элек ишим көп.
Баштаганым калбасынчы артымда,
Жармы бүтүп, жармы бүтпөй, арабөк.

Билем сенин алып барчу жайыңды,
Көрсөтпөйсүң, алып кетсең, айлымды.
Жылдан жылга белги берип атасың,
Аста-астадан алган болуп шайымды.

Мен кечээ эле жигит элем кер мурут,
Менден ал күн өтүп кетти бүт унут.
Бүгүн болсо, абышкамын аксакал,
Алып кеттиң ал кезимди мезгил жут.

Шаштырба, ырдын кенин каза элекмин,
Жашаган тоолорумду жаза элекмин.
Сүрөттөп, ак кагазга түшүрөйүн,
Жашоосун тоодо өскөн бүт элеттин.

Жазайын, эккен эгин, баккан малын,
Жашаган жайлоо, кыштоо, бүт чарбагын.
Ага чейин күтө турчу ажал шашпай,
Кыйнабас "мени апкел" деп, жаратканың.

## ТАЙТОРУДАЙ ЧУРКАР БЕКЕН ЖАНЫБАР

Мээнеткечке дайым түйшүк табылар,
Өмүр бою эмгектенген кары бар.
Улгайганда улайынчы ыр жолун,
Тайторудай чуркар бекен жаныбар.

Жаш кезимде толуп-ташкан күч менен,
Алек болуп утурумдук иш менен.
Кийинкиге улам артка калтырып,
Алыстапмын, ыркым келбей ыр менен.

Ырды сүйүп, ырды бакпай кастарлап,
Өтүп кетти, кирген суудай курагым.
Улгайганда улутунуп олтурам,
Келүүчүдөй ырды сүйгөн убагым.

## ЫР ЖАЗАМ

Түндө ыр жаздым, кирпик какпай отуруп,
Таң алдында, кетти көзүм илинип.
Таттуу уйкуда көргөн түшүм ажайып,
Таң нуруна жатыптырмын киринип.

Ыр жазам, сөздүн издеп татаал жолун,
Сулуусун, токтоо, жоош же бир шогун.
Ыр издеп, дүйнө кезип, оюм менен,
Сезилбей тирүүлүктө бар же жогум.

Ыр жазбайм, эриккенде эрмек үчүн,
Ыр жазам, кийинкиге өрнөк үчүн.
Оюмда бир чоң эмгек бүтүрсөм дейм,
Жараткан жардам берип, жетсе күчүм.

Сурарым, жаратқандан жалгыз нерсе,
Түнкү ойго түгөнбөгөн жакшы ыр келсе.
Сиңгендей кара жерге жазгы жамгыр,
Элимдин кыйырына сиңип кирсе.

Биреөдөн мурас калат акыл жолу,
Биреөдөн мурас калат өнөр жолу.
Элиме менден мурас болуп калса,
Элим сүйгөн, кашкайган ырдын жолу.

Кучактап, тозуп алып мүлдө барча,
Жаш окуп, кары окуп, канат алса.
Мен өтүп, дүйнө менен кош айтканда,
Ырларым арт жагымда жашап калса.

## МЕН СҮРДӨЙМ

Мен сүрдөйм, беттей албай айбатына,
Таң калам, кээде куру кайратыма.
Сүрүнөн бүткөн боюм бүт титирейт,
"Акын" деп, ат кошконго өз атыма.

Күн өттү, эсепте жок, чотко түшпөй,
Жашадым нени бүтүп, нени бүтпөй.
Пайдасыз кеткен окшойт ал жылдарым,
Түлөгөн жазгы тайдан, түшкөн туктөй.

## АЖАЛГА КАЙРЫЛУУ

Ажал сен канчаларды какшатпадың,
"Алам" деп, эч бир жанга сыр айтпадың.
Жашты алдың, карыны алдың, ылгабадың,
"Болду"деп, качан эле канааттандың?

Күчөтүп баратасың күмөнүмдү,
Кээ кезде мыкчып коюп жүрөгүмдү.
Кое тур, бир сап ырды бүтүрөйүн,
Байкадыңбы, ыр жандуу мүнөзүмдү?

Күтө тур, мага тийбе, таш боор ажал,
Соңуна чыга элекмин ырларымдын.
Ыр жазып, бир чоң эмгек калтырайын,
Ырахатын көрөйүн балдарымдын.

Үйлөнсүн, колукту алып, Улук тайым,
Аселимди күйөөгө узатайын.
Абайым аял алып бөлүнгөндө,
Үйүнө мейман болуп чай ууртайын.

Сүйүүсүнө канайын неберемдин,
Ойногонун көрөйүн чеберемдин.
Алуучу аманатын сактап турам,
Көнбөсөң, айла барбы, келе бергин.

## МЕН КИММИН?

“Киммин?” деп, мен өзүмдөн калам сурап,
Жообум бул: “барга, жокко бирдей чыдап.
Барына топук кылып, көптү эңсебей,
Жүрөмүн үмүтүмдүн учун улап.

Көп болсо, көпкөнүм жок, бой көтөрүп,
Жоктукка чөккөн жокмун, ылдый карап.
Барымды аябадым, тең бөлүшүп,
Келишсе, бей-бечера жардам сурап.

Жашоомо ыраазымын, улгайсам да,
Жашаган эл ичинде өмүр улап.
Адал иш, мээнет менен жан сактаган,
Чекемден ак эмгектин тери чыгат”.

## ЭМНЕ ЖАКШЫ?

Кээ кезде көңүл ачып, күлгөн жакшы,
Керемет жашоо доорун сүргөн жакшы.
Жаманга ынак болуп сый көргөнчө,
Жакшынын кызматында жүргөн жакшы.

Душманга тизе бүгүп, жан бакканча,
Кармашып, намыс үчүн өлгөн жакшы.
Баштасаң, үмүт менен бир жумушту,
Бүткөрүп мөөнөтүндө койгон жакшы.

Эмгек менен кураштырып тапкан малды,
Этият кармай билип күткөн жакшы.
Арамдан пайда көрүп аш жегиче,
Кезерип ачкалыкка туткөн жакшы.

# ТУРМУШТУН МИНИП АЛЫП КАРАГЕРИН

Дос тутуп, "эмгек" деген кеменгерин,
Жазылды денемдеги каткан терим.
Сапарда камчыланып келе жатам,
Турмуштун минип алып карагерин.

Тагдырым бирде өйдө, бирде ылдый,
Турмуштун биле албадым жалган-чынын.
Суугунан муз тоңуп мурутума,
Ысыгына салаалап агат терим.

# АЙЛА БАРБЫ?

Түлкүдөй мант берип,култуңдап,
Момунду, жоошту алдаган.
Арада жеп-ичип иштебей,
Жүрүшөт көп адам сандаган.

Күрөшүп, жеңилип же жеңип,
Жек көрөм ач көздү, шылуунду.
Аралаш жашайбыз айла барбы,
Жашырбайм силерден мунумду.

## АЧЫК СӨЗ

Түрлүү-түрлүү иштер өттү башыман,
Ат сураса, аябадым досумдан.
Кармаштарда кетенчиктеп жалт берип,
Качкан жокмун баш калкалап касыман.

Жакпай калды ушакчыга кылыгым,
Тазалыгым сыныгындай чынынын.
Алар биздин арабыздан кетмейин,
Айлап-жылдап болбойт окшойт тынымым.

Бетине айтып буудум тилин далайдын,
Кабак чытып караманча карайдым.
Жек көрүнүп жегичтерге, уктатпай,
Бычак болуп алкымына кадалдым.

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ. № 453

Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31164

## МЕН КАПАМЫН

Мен капамын көңүл чөгүп ойлонуп,
Күндүз иштеп, түндө уйкудан ойгонуп.
Алгыч, жегич, ач көз, тойбос уурулар,
Эл башкарып жатканына чоң болуп.

Шылтоо болуп менчиктешүү деген кеп,
Иштеген жок, жексур ууру-кескилер.
Ээлеп алды элдин жыйып тапканын,
Адамдар жок аны тескеп сестентер.

## БИЗНЕС ДЕГЕН ООРУ БАСЫП

Чубашып чаташкан ой мээми чагып,
Окубайт уул-кызым газет сатып.
Таңдан кетип аялым үйдү көрбөйт,
Базарда бизнес деген оору басып.

Жокчулук көк желкеме минип алып,
Жылдырбай тумчуктурду ойго салып.
Замана чоң базарга байлап салды,
Мойнума чалма чалып, сүйрөп барып.

## АДАМДАРГА

Айылдаш, о адамдар, курбуларым,
Бейтааныш жана жакын туугандарым.
Бириңди бириң аңдып, ушакташып,
Болбостур сен-мен деп урушканың.
Жашоодон алып кетээриң он беш кез бөз,
Ойлонсоң, кайсы нерсе талашканың.

# ТАППАЙ КЕЛЕМ АНЫК ДОСТУ

Дос күттүм, кучагымды кенен жайдым,
Дос күлсө, мен да күлүп бажырайдым.
Дос күйсө, кабак бүркөп мен да күйүп,
Досумдун кайгысына тең муңайдым.

А бирок таппай келем анык досту,
Бир досум ичкен суума уусун кошту.
Тар кыя, тайгак жолдо өбөк болбой,
Бир досум кыя карап, бутун тосту.

## СОГУШ ЖЫЛЫ

Көрсөттү согуш жылдар бизге көптү,
Арга жок ачкалыктан жедик чөптү.
Ийинге илер, бүтүнүрөөк киймибиз жок,
Өлбөстүн күнүн көргөн күндөр өттү.

Айылды келте каптап, ачарчылык,
Аш ичүү, кийим кийүү эстен чыгып.
Баарысын жеңишке деп берип жаттык,
Тынчтык келер күндү дегдеп самап.

Эненин кара чачы купкуу болду,
Майдандан тынбай келет кара кагаз.
Күйүтү курман болгон уулунун тумчуктуруп,
Ыйы жок тынч жашаган үй-бүлө аз.

Акыры жеңиш келип элибизге,
Жаадырап жарк дей түштү кийинки жаз.
Жабыла эл эмгекке кирди умтулуп,
Аз-аздан ачарчылык унутулуп.

Кетпестей тирүүлөрдөн согуш тагы,
Ала кетти ал такты өлгөн дагы.
Адамзатка тилегеним тынчтык болсун,
Акпасын айыбы жок элдин каны.

## ТААРЫНУУ

Көңүл калды, көргүм келбей жүзүңү,
Кадырымды түшүнөөрүң билинбейт.
Карыганда жөлөк болот деп жүргөн,
Сонун тилек талкаланып бириндейт.

Жанга батты жаман сөздүн күйүтү,
Тарыйт жолум ойлой берип күнү-түн.
Чач агарып, көз тунарып калганда,
Ташка тийди сенден күткөн үмүтүм.

# ТӨРТ ОСУЯТ

Төрт осуят айткым келди балама,
Балким анын пайдасы бар сага да.
Ар адамдын акыл-эси өзүндө,
Нуска кепке кулак салгын садага.

Тирүүлүктө эмгектенүү кандай бак,
Эмгек менен элге келет атак-даңк.
Дениң соодо тер агызып иш кылып,
Эгин эгип, чөбүңдү чап, малды бак.

Мансаптууга чөгөлөбө, шыйпаңдап,
Ууру кылып, ушак айтып, жалжаңдап.
Алсыздарга кыр көрсөтүп дардайба,
Тапканыңды ичип алып калжаңдап.

Аялды да сүйүү керек чегинде,
Катуу тартип, салт сакталган элимде.
Эл алдында өөп-жыттап жалынбай,
Сыпаа, сылык сүйүү керек кезинде.

Убагында окуу окуп, билим ал,
Билимдүүлөр миңди жыгат деген бар.
Ар нерсенин убактысы, чеги бар,
Убактысын өткөргөн иш болот зар.

## МЫНЧА НЕГЕ ЭЗИЛИП СҮЙӨМҮН?

Көрбөсөм тынч алып туралбай,
Көбөйтүп көңүлдүн санаасын.
Мынча неге эзилип сүйөмүн,
Неберем, баламдын баласын.

Кезинде калдымбы, байкабай,
Сүйдүмбү, ушундай атасын?
Заманына шай келип бактысы,
Неберем ырыстуу жашасын.

## ӨТӨМБҮ ДЕП КАПАМЫН

Жаш улгайып карып барат сапарым,
Жылдан жылга суюлууда катарым.
"Бир чоң эмгек калтыра албай артыма,
Бул дүйнөдөн өтөмбү?" деп капамын.

Кызыктырган кичүүнү да, улууну,
Жарык дүйнө кызыктырган шурубу?
Ойлоп көрсөң бүгүн бар да, эртең жок,
Ичим күйөт болбогонго туругу.

Кышта кетип, жазда келчү куштардай,
Кымбат кезим келсе кана, аттиң ай!
Кезегинде ынак сүйүп айрылган,
Мезгил чиркин, калпыс тура ушундай!

## КАРЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ БИР АРМАН

Жаш болсо кетти улгайып,
Жатамын үйдө муңайып.
Жайымды жазып көрөйүн,
Жалпыга келсе ылайык.

Башыма келди кейитип,
Байымбет айткан арман жаш.
Бастырбай бутту тушады,
Баягы сексенге таяп калган жаш.

Адашып барат акылым,
Айнексиз көрбөйт эки көз.
Аябай баалуу барктуу эле,
Азыр аялга өтпөйт айткан сөз.

Келди бейм, башка кейиш иш,
Кемпирден угуп жаман сөз.
Аздектеп барктап турчу эле,
Азыр агаин сүйбөй калган кез.

Колумдан келчү иш кетип,
Белимден кубат күч кетип.
"Калжаңдап сүйлөй бербе" – деп,
Карылык кемпирге койду тилдетип.

Айбыгып тике сүйлөбөй,
Агайин турчу сиз дешип.
Айылда жүргөн-тургандар,
Айтышчу болду сен дешип.

Таң менен иштеп чарчабай,
Тамылжып маңдай тердетип.
Колумда күчүм барында,
Койчу эмес элем бел чечип.

Эми кыймылдап койсом кол ооруйт,
Үшкүрчү болдум ал кетип.
Эшиктен үйгө киргиче,
Энтигип кетем тер кетип.

"Карылык кандай болот?" деп,
Калчу элем сурап карыдан.
Камынтпай келип өзүмдү,
Кармады эми каруудан.

Ай жылдап асты секинден,
Азайып барат катарым.
Алган бейм тактап эсептеп,
Ар кимдин кетүү сапарын.

Кеп кылып өткөн-кеткенди,
Кеңешээр теңим жогунан.
Эриккен кезде неберем,
Жетелеп чыгат колуман.

Ийрейип бутум түзөлбөй,
Тик турсам тизем сайышат.
Олтурсам сыздап омурткам,
Белим да ооруп майышат.

Оюма түрлүү иш келип,
Ойлоно баштайм мындайда.
Капилет кетет экем деп,
Карылар айткан чын жайга.

# ӨТКӨН ЖАМАН САНДАЛЫП

Кичинеден чоңойгонго шашабыз,
Чоңойгондо улгаюудан качабыз.
Андан кийин барчу жагың белгилүү,
Тагдыр ошол андан кайда качабыз?

Жаралган соң жарыктыкка бир келип,
Жашаш керек өзгөлөрдөн иргелип.
Жакшы жагың элде калсын айтылып,
Өткөн жаман бар-жок болбой сандалып.

## САЛТ ЖӨНҮНДӨ

Башынан элдик салтты байкап жүрөм,
Кээси оң, кээ бирлери калпыс белем?
Жаманды жамансың деп түз айта албай,
Жада калса өлгөндө да жакшы деген.

Ууру өлдү, ушакчы өлдү, баарын билем,
Өлгөндө турпак салып барып жүрөм.
Бир сөздү туура айтылган укканым жок,
"Ушу адам ушакчы эле, ууру" деген.

Жакшынын жакшы жагын түз айтпасак,
Жаманды жакшы эле деп сыйпалатсак.
Жамандын жаман жагы кантип калсын,
А түгүл көр үстүндө чын айтпасак.

## МОЛДО АЙТАТ

Молдо айтат: "бейиш бар" деп, ал жакта,
"Өлгөндөрдү тирилтет" деп, көй капта.
Бейиш болсо эмгек кылбай жыргаган,
Бир да молдо калмак эмес бул жакта.

Молдо сүйлөйт: "тозок бар" деп, от жаккан,
"Күнөөлүүнү күйгүзөт" деп, көй каптан.
Бир да молдо бел оорутуп иш кылбайт,
Күнөө кылбай оокат табат каяктан?

Сөзү жакшы, бирок анын чындыгы аз,
Тирүүлүктө адал иштеп, жашоо парз.
Ак эмгектен анык бейиш жаралат,
Мээнеткечке эч кыш келбейт, дайым жаз.

*Жар сүйдүм, жаш кезимде жаркын сулуу,*
*Жамалы жанып турган айдын нуру.*
*Жакшы жан, пейли таза, көңүлү ак,*
*Жана да, ургаачынын акылманы.*



# ӨКҮТТӨ ЖҮРГӨН КЕЗЕГИМ

Ал кездин сонун күндөрү,
Азыр да эстен кете элек.
Өскөнбүз чогуу айылда,
Өзүңдү колдон жетелеп.

Аябай назик жан элең,
"Агай" деп сүйлөп, эркелеп.
Өмүрдө бирге болсок деп,
Өзүмө жүрдүм энчилеп.

Билгизип сырды айтпаган,
Билимсиз уяң экемин.
Баамыма такыр келбептир,
Башкага басып кетериң.

Өзүңдү колдон качырып,
Өкүттө жүргөн кезегим.
Аттиң деп, тиштеп бармакты,
Азыр да күйүп кетемин.

## МАХАБАТЫМ

Мен сен үчүн жердин жүзүн кесемин,
Керек десең, ташты жашка эземин.
Жыргалына бой балкытып, бал жутам,
Айыксын деп ашык болгон кеселим.
Махабатым, сүйгөн болсоң, ачык айт,
Сүйбөйм десең, Мажнун болуп кетемин.

Жаздын айы толуп турат чатырап,
Жазгы жамгыр төгүп жатат шатырап.
Махабатым башымды ийип суранам,
Сага болгон кумар качан жазылат?
Ушул жазды кабак чытып мустайтпай,
Мээримиңди мага төкчү жадырап.

# АЛГАЧКЫ СҮЙҮҮМ ЖӨНҮНДӨ

Жар сүйдүм, жаш кезимде жаркын сулуу,
Жамалы жанып турган айдын нуру.
Жакшы жан, пейли таза, көңүлү ак,
Жана да ургаачынын акылманы.

Ал кетти а дүйнөгө келбес жайга,
Азап жеп, зар ыйладым, таппай айла.
"Жакшыга жашоо кыска" деген сөздү,
Жаным кейип, ойлоном кайра-кайра.

Сакталат мен тирүүмдө анын аты,
Жакшынын аты өчпөйт акыйкаты.
Арман ай, көп жашабай ажыраштык,
Бир келди эле аялдын асылзаты.

Муңайып "сиз" деп сүйлөп, көтөрбөй үн,
Жаркылдап, кабагы ачык чыккандай күн.
Жокчулук студенттик турмушумда,
Үйүбүз жарык турчу болсо да түн.

Элүү жыл өтсө дагы аралыктан,
Арылбайт айрылганга сенден капам.
Бир кезде бактымды ойлоп бир жашаган,
Өрттөнүп, алоолонуп келе жатам.

Ушул ыр эстелигим болсун сенин,
Асылым, анык сүйгөн жарым менин.
Мүрзөңө таш эстелик коё албагам,
Ал кезде жеткен эмес кудуретим.

Чын болсо, молдолордун айткан сөзү,
Түз болсо, жараткандын сага көзү.
Жаш кеттиң, жыйырмадан ашып-ашпай,
Бейиште жүр, Аскаралынын Масилети.

# АРМАН ДҮЙНӨ

Айтканын карыянын баян этем,
Көп жылы мындан мурун өтүп кеткен.
Ойлору окуучума туура келсе,
Аларга сабак болуп калар бекен?

Кыңкайып, жаздыгына кайран абам,
Жайма-жай наспай алып чакчасынан.
Эрдине алаканын шилтеп коюп,
Тыңдап тур, айтайын деп баштады анан.

"Кыздарым кыйналат" деп, атасы жок,
Азыр мен кармап турам колума чок.
Боорукер, баласаак, байкуш жаным,
Аялдан көөнүм калды, жыргалы жок.

Улгайганда сүйүүнүн билдим баркын,
Ой басып, ичим күйүп, арбыйт дартым.
"Ой, чал!" деп, ызааты жок колун серпип,
Ызалап, жан кейитет, тиги катын.

Аялды таппаптырмын пейли таза,
Өкүнүп, өткөнүмө сынат саза.
"Бала" деп чыдай берип, эрин тиштеп,
Жаңылыпмын кезинде өзүм гана.

Баркын билбей сүйүүнүн бала чакта,
Урунуп, өңү жылуу кара, акка.
Мен сүйүп, мени сүйгөн жар тандабай,
Олтурам үшкүрүнүп, ушул тапта.

Ал кезде кыйбагандан балдарымды,
"Оңолор" деп, ойлонуп алганымды.
Улгайганда уугуп уу тилине,
Улап атам убайымдуу арманымды.

Жек көрүп, аялзатын көөнүм кирдеп,
Кетким келет, көрүнбөй сөгүп, тилдеп.
Өмүрдү бирге өткөрсөк, кырк-элүү жыл,
"Сиз" дейминби, сый ордуна турса жиндеп.

"Бейиште Үр кызы бар, гүл бураган",
Деп жазат, Ыйык китеп, азиз Куран.
Бул жакта бир аялдан сый көрбөсөм,
Ал жакта Үрдүн кызын эмне кылам?

Аялдын аты улуу энең, жарың,
Урматтап, ызаттайын мен ал жагын.
Сер акыл, эр сыйлаган, жаркын маанай,
Аруу жан болушса,ээ, бүт кыздарың.

## КЕҢДИГИ ЭМНЕ ДҮЙНӨНҮН?

"Дүйнө кенен, чеги жок" дейт, дүйнөнүн,
Кең болсо экен, анык сүйгөн үйдөгүң.
Атырылып айтып турса "акмак" деп,
Анда сага кеңдиги эмне дүйнөнүн?

Жашоо жыргал, баркын билсең дүйнөнүн,
Жакшы болсо, жаның каалап сүйгөнүң.
Жаңжал салып, жаагын жанып отурса,
Жакшылыгы кимге керек дүйнөнүн?

Баркын билип, барктабаса, үйдөгүң,
Баалуулугу кимге керек дүйнөнүн?
Балдарың да, алганың да жарашып,
Атаганат, асыл болсо сүйгөнүң.

## ТООНУН ЖОЛУ

Шагыраган шагыл таштар куюлат,
Сабыр күтпөй санаам санга урунат.
Ат жетелеп, тар жол менен баратсам,
Калдайган зоо кулачудай туюлат.

Аркырап, алдыбызда албуут дайра,
Кылт этсе, алып кетчүдөй алда кайда.
Калдырап, үйдөй таштар ала салат,
Качандан нук салынып калган сайда.

Бирде минип, же жетелеп минген атты,
Жолдошум убайым жеп бара жатты.
Тоолорду, тоолук элди сүйгөн жаным,
Толкундап, моокум канып, "чү" дейм, атты.

Тоо суусу кымыз сымал көбүктөнүп,
Атыр жыттуу айдарым жел жүрүп жатты.
Жүрөккө тынбай агып, тоолук каным,
Денеме таратууда ырахатты.

## МЕН ТООЛУКМУН

Мен толукмун, жүргүн тоого түгөйүм,
Бирге барып кымыз ичип келели.
Тоодо жайлап, кокту-кырын мекендеп,
Тоолук элим сабаа бышат бээ байлап.

Пейли таза, колдору ачык, берешен,
Тоолук элим бай, жардыга бөлүнбөйт.
Тоолорундай тоолуктардын пейили,
Койнун ачып, "конок болуп келгин" дейт.

Төрт түлүгү төп келишип жайытта,
Обон созгон булакка бай сай-сайы.
Колун жайып, коюн союп жайдары,
Коногуна беленделет май-чайы.

# ЫСЫК-КӨЛДҮ КӨРГӨНДӨ

Көргөндө Ысык-Көлдү толкуп кеттим,
Тере албай берметтерин асыл кептин.
Алыкул баарын айтып кеткен окшойт,
Калтырбай ой кырларын, бардык көркүн.

Сени издеп алыс жактан сапар чегип,
"Толкунуң ыр берсе" деп, сага келдим.
Сулуулук, бакыт чачып, байлык терип,
Сыймыгы өзүң болдуң кыргыз элдин.

# ЖАЗ КҮНҮНӨН БИР ЭЛЕС

Асман ачык көпкөк эле чаңкайган,
Аңгыча эле булут келди бир жайдан.
Айланчыктап бир аз жылып турушуп.
Андан кийин ыйлап кирди аз-аздан.

Анан күчөп төккөн жашы көбөйүп,
Бүт айлана жатып калды түнөрүп.
Койчу гана этек-жеңин түрүнүп,
А дыйкандар күлүп жүрөт сүйүнүп.

Бара-бара аккан жашы токтолуп,
Акырындап булут калды жок болуп.
Айланага күн шооласы төгүлүп,
Жүрүп кетти турган жумуш токтолуп.

Тараган соң булуттардын оюну,
Гүлгө толду Ала-Тоонун коюну.
Күндүн нуру, гүлдүн жыты буркурап,
Алып учту алыстарга оюму.

## ӨСКӨН ЖЕРИМ

Топ ойноп, тоо аралап, өскөн жерим,
Төрөлүп киндик канды төккөн жерим.
Өзүңдөн өлгүчөктү кетким келбейт,
Өзүңсүң мени өстүргөн кең мекеним.

Жашоомдо бүт эмгекти сага арнаймын,
Көрктөнүп адыр-түзүң саймалаймын.
Сугарып терим менен күч жеткенче,
Түзүңө эгин эгип, мал байлаймын.

Тирүүмдө сени менен эмгектенип,
"Сен бар" деп, бүт жашоомдо бел байлаймын.
Өлгөндө жыттап жатып топурагың,
Түбөлүк сени менен бирге уктаймын.

# КАНАЧУУ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

"Каначуу эмес, хан ашуу" экен эл сөзү,
Кайсы доордо, билбейм мындай аталды.
Кан төгүү үчүн сан кол менен аттанып,
Ушул тоодон ашты бекен Хан өзү.

Ушул жерде ким турду экен ал кезде,
Тарыхта жок, маалым эмес ал бизге.
Байыр алып, малын багып, дан айдап,
Турду бекен жыргап-куунап жаз-күздө.

Карап көрсөм, туш тарабы зоо экен,
Кайдан жол таап, кайсы жерден ашты экен?
Кармаштарда кастарынан жеңилип,
Ашуу ашып, качып келген Хан бекен?

Качкын болсо канча убакка турду экен,
Ханга жайлуу болду бекен бул мекен?
Арыгын чаап, арпа айдаган жер бар дейт,
Анда ошону Хан – кылганы чын бекен?

Тегирмен таш, көөлүсүн да бар экен,
Усталарын ала келген Хан бекен?
Үй курбаган, үңкүрлөр да жок экен,
Хан келсе, эгер, эминеде турду экен?

Ооба, ал кезде болбогондур там салуу,
Боз үй, чатыр, Хан ордосу эс алуу.
Хан келген соң, калгандары шайма-шай,
Айтпаса да, болсо керек жасалуу.

Ай, ким билет, хандын өзү мергендир,
Аң уулоого алыс жактан келгендир?
Кытайданбы, арaптанбы – ким билет,
Аң уулабай алтын издеп келгендир?

Ал кезекте алтын баалуу, барктуу экен,
Алтын издеп, кезип жүргөн Хан бекен?
Анык эле алтын издеп жүрсө, эгер,
Кайсы элден, кандай болуп келди экен?

Тоонун аты, "Хан ашуу" деп айтылуу,
Тоонун сыры дайын эмес катылуу.
Хандар издеп, таппай кетсе, алтынды,
Азыр деле жатса керек катылуу.

## АРСТАНБАПТЫ КӨРГӨНДӨ

Көргөндө Арстанбапты көңүл толду,
Бейиш деп жасаганбы, бул токойду?
Кетким жок арасынан алыс басып,
Сулуулук акыл-эсти алып койду.

Тоосунда бүркүт шаңшыйт, улар сайрап,
Токоюнда булбулдар күүсүн кайрып.
Сан гүлдөр жыпарын сээп жыт аңкытып,
Тоо токойго көрк берет бүт саймалап.

Бейишти курандагы жомок кылган,
Билбестерге сөз кылып айтып турган.
Чын бейиш түштүктөгү Арстанбапта,
Көзүң менен барып көр, айтсам жалган.

Тоосу бийик, токой черлүү аскасы бар,
Көбүктөнүп шар аккан суусу астында.
Жашашып Адам ата, Обо эне,
Адашып кеткен бейм токоюнда.

Түн түшкөн түрлүү жыгач алма-жаңгак,
Ким тиккен, акыл жетпейт, айран калам.
Чын эле өзү тиккен болсо, эгер,
Канча жыл иштеди экен, Арстан бабам?

## ТҮШТҮК КҮЗҮ КҮЗҮНДӨ

Айтып бүткүс ажайып түштүк күзү,
Жерге батпай, бүт жемиш адыр-түзү.
Талаасында ала чапан дарбыз жайнап,
Адырында мисте, жаңгак, көп кайналы.

Мөлтүрөп шагы ийилип жүзүм турат,
Назданып, көз ымдаган, сулуу сымак.
Анары, алмуруту, жийде, чие,
Анжыры, апельсини бышып турат.

Керемет түштүгүмдүн күзгү күнү,
Береке жерге сыйгыс, адыр-түсү.
Жомоктоп, молдо акелер айтып жүргөн,
Түштүктө бейишиңдин анык өзү.

## ЛОЛОЛОТ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Кан ашуунун чыгыш жагы бийик тоо,
Көз кайкыган, ак кажыр дейт апак зоо.
Арасында ат өткөндөй жолу бар,
Лололот деп, - атак алган ошол тоо.

Лололот деп, эмне үчүн аталган,
Деп сурасам, бир мертебе атамдан.
Ушул тоону ашабыз деп келатып,
Бир топ лөлү өлүптүр дейт ушундан.

Арстанбапта бир айыл бар мен уккан,
Уруктары лөлүлөр деп аталган.
Бир заманда согуштардан жан коргоп,
Качты бекен ашып түшүп ошондон.

Жайын жайлап, кышын кыштап мекендеп,
Жашашты экен кайсы доордун тушунда.
Тынчыдыбы деп, кабар алып келүүгө,
Баратышып өлүшкөнбү ушунда.

Жайынча бир ашып барып ал жакта,
Жайын сурап, карыны таап элдеги.
Кайдан келген бул лөлүлөр деп сурап.
Тактап коюу милдет калды менде эми.

## САЙМАЛУУ ТАШ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Санжыра жок, баян кылар өткөндү,
Сандаган жыл андан бери өткөнбү?
Санап бүткүс сан таштарды саймалап,
Ким болду экен сайма салып чеккен бу?

Кылымдарда кыргын болуп бул жерде,
Кылкылдаган кытай келип чеккенби?
Имиш-имиш тарыхтарда айтылбай,
Тээ илгерки скиптерби чеккен бу?

Алып көрдүм айрымдардын сүрөтүн,
Эчки, теке жана сүлөөсүн.
Жаасын кезеп, тайгандарын жетелеп,
Даана берген мергендердин так өзүн.

Мынча ташты чекмек эмес, саймалап,
Билемин го, кыргызымдын мүнөзүн.
Капсалаңда качып келип тоолорго,
Балким муну калмак чегип жүрбөсүн?

Бул тоолордо далай кыргын болгондур,
Басып кирген жоокер чегип койгондур.
Тосуп жатып, келчү жоонун жолдорун,
Эриккенде таштын бетин ойгондур.

Таң калыштуу ар кыл ойду бериптир,
Пилди минген индусту да чегиптир.
Кайсы доордо чегилгени белгисиз,
Жибек жолдо сандаган эл жүрүптүр.

Башка жактан койбогондур апкелип,
Бабалардан бизге калган эстелик.
Баркын билип баалап, барктап сактайлы,
Байыркы өткөн аталарды эскерип.

# СОҢ-КӨЛДҮ КӨРДҮМ КҮЗГҮДӨН

Баратып учуп үстүнөн,
Соң-Көлдү көрдүм күзгүдөн.
Карекке калдым ишенбей,
Көргөндөй болуп түшүмдөн.

Уят го деймин өзүмчө,
Карекке калсам алданып.
Мен көргөн тоодо көл эмес,
Күзгүбү дедим таң калып.

Көргөнүм эгер чын болсо,
Көл болсо анык бул төрдө.
Катканбы дедим бул көлдү,
Качырып келип бул жерге.

Аягы-башы мелтирейт,
Ай келип түнөп жаткандай.
Суналып сулуу көл жатат,
Суйкайып сулуу баскандай.

Өкүнүп калдым өткөн соң,
Соң-Көлдү көрбөй күзгүдөн.
Жазууга көрктүү жүзүңдү,
Өлбөсөм сага бир келем.

## ЖЕР ЖӨНҮНДӨ

Жер эмине жаткан эле топурак,
Баскан-турган жан тепсеген топурап.
Баркын билип баалайлычы, бул жерди,
Бардык жанды ушул багып отурат.

Алтын дейбиз, асыл дейбиз жөн эле,
Айтылган сөз, баркын билбей тим эле.
Жер эне ийип, жер бербесе, ырыскы,
Жарыктыкта жашай алсын ким эле?

Жер кургаса, алыш алып сугарып,
Арыктаса, маңыз майын чыгарып.
Дүңгүрөтө жемиш багын өстүрүп,
Энчи кылып калтыралы, балдарга.

Жерде туулуп, жерден өстүк чоңоюп,
Жерди сүйүп, багалычы, кастарлап.
Өлгөндө да, жерге коёт жашырып,
"Жер жаман" деп, кандай пенде айта алат?

## БАКЫТ ИЗДЕП

Бакыт издеп барбаган жер калбады,
Бирдей экен жердин ар жак-бер жагы.
Таптым аны өз айлымда жатыптыр,
Мага болуп таарыныччтуу арманы.

Эгин эгип, малды багып, чөбүн чаап,
Жашыл төргө бээни байлап, уйду саап.
Иштеп жатсам, тер агызып чекемден,
Бакыт өзү басып келди жаркылдап.

Эмгектенсе, жерди сүйүп балдарың,
Эринбесе, иштегенден алганың.
Араласа, атыр жыты аңкыган,
Бейиш болот, жемиш бышып, чарбагың.

Өз жериңде эмгектенсең, белсенип,
Байкабайсың, бакыт келип калганын.
Балаң иштеп, жарың иштеп, турса эгер,
Башка жерге бакыт издеп барбагын.

# ЭСТЕЛИКТИ КӨРГӨНДӨ

Барып калсам, көрүстөндүн жанына,
Эсеп жетпейт эстеликтин санына.
Баары тааныш, бир айылдык адамдар,
Кечээ эле, бирге жүргөн жанымда.

Атын окуп, эстеликке жазылган,
Капа болдум, эңшерилип кабыргам.
"Жакшы адамдар жашай түшпөй өлдү" деп,
Жашып кеттим чыгып кетип сабырдан.

Тиги эстелик, күйөө балам Акынбай,
А наркысы, өз иниси Акинбай.
Андан нары алым келбей окууга,
Жашка ээ болбой, туруп калдым, кетип шай.

Берки эстелик, иним менен атамкы,
Аркы эстелик, эски экен качанкы.
Көргөн сайын капа кылбай көңүлдү,
Эстеликти койбой эле салсакпы?

# КЕТИРИПМИН ЧЕКИЛИК

Бала кезим, ойноп жүргөн секирип,
Чий түбүнөн уча качты кекилик.
Басып жаткан жумурткасын бүт алып,
Жетпей калдым өзүм колдон кетирип.

Алыстабай уясынын жанынан,
Жыла-жыла менден качат бекинип.
Жетпеген соң, кете бергем үйүмө,
Эми ойлосом, кетирипмин чекилик.

Албаганда чыкмак бир топ кекилик,
Өсүп-өнсө, аман-эсен жетилип.
Тоолорумду кошмок экен көркүнө,
Ырын ырдап, таштан ташка секирип.

Аңын атып, токоюна өрт коюп,
Аңдабайбыз эссиздиктен эсирип.
Арча, кайың, карагайын кыйратып,
Ала-Тоонун берекесин кетирип.

# ЖАЗДЫ КҮТТҮМ

Эмнегедир жаздын желин сагындым,
Моокум кана жуткум келип аптыгып.
Көктөм менен кошо чыгып жаңырып,
Жаз ойнунда күлгүм келет каткырып.

Жазды күттүм, күтүп жүрүп зарыктым,
Жаз келери, деги быйыл, аныкпы?
Анык болсо, келсе боло, кыйнабай,
Жазды сүйүп, күтүп жүргөн карыпты.

# КЫРГЫЗБАЙ

Көрө албай, жакшы жагын жакыныңдын,
Жазбайсың, тырыштарын такымыңдын.
Өзүңдөн өйдө жылса, ушактайсың,
Жада калса, төркүндөрүн катыныңдын.

Айдалбай огородуң жатса дагы,
Амалдан ажырасаң, иш кылбайсың.
Эринчээк жалкоолуктан кутула албай,
Башканын насибине куркулдайсың.

Кулак сал, ак сөзүмдү жыра тартпай,
Жеринен насилибиз так ушундай.
Чоңсунуп, бой көтөрүп, мансап күтпөй,
Жөнөкөй жашайлычы, оо, кыргызбай!

## Мазмуну


Редакциядан 3
Ырдын дагы тизе билгин саптарын 5
Мезгил шашпа, бир азыраак сабыр эт 7
Тайторудай чуркар бекен жаныбар 8
Ыр жазам 9
Мен сүрдөйм 11
Ажалга кайрылуу 12
Мен киммин? 13
Эмне жакшы? 14
Турмуштун минип алып карагерин 15
Айла барбы? 16
Ачык сөз 17
Мен капамын 18
Бизнес деген оору басып 19
Адамдарга 20
Таппай келем анык досту 21
Согуш жылы 22
Таарынуу 23
Төрт осуят 24
Мынча неге эзилип сүйөмүн 25
Өтөмбү деп капамын 26
Карылык жөнүндө бир арман 27
Өткөн жаман сандалып 30

Салт жөнүндө 31
Молдо айтат 32
Өкүттө жүргөн кезегим 35
Махабатым 36
Алгачкы сүйүүм жөнүндө 37
Арман дүйнө 39
Кеңдиги эмне дүйнөнүн? 41
Тоонун жолу 42
Мен толукмун 43
Ысык-Көлдү көргөндө 44
Жаз күнүнөн бир элес 45
Өскөн жерим 46
Каначуу жөнүндө ой 47
Арстанбапты көргөндө 49
Түштүк күзү күзүндө 50
Лололот жөнүндө ой 51
Саймалуу таш жөнүндө ой 53
Соң-Көлдү көрдүм күзгүдөн 55
Жер жөнүндө 56
Бакыт издеп 57
Эстеликти көргөндө 58
Кетиripmин чекилик 59
Жазды күттүм 60
Кыргызбай 61

Аскараалы Абдылдаев

Мезгил шашпа,
бир азыраак сабыр эт

/ ырлар /

Редактору Казыбекова К.К.